# №96 орто мектебинин 2021-2022-окуу жылынын тарбия иштери боюнча аткарылган иштердин анализи.

**Тарбия иштеринин планы жана мектептин ички көзөмөлүнүн планы боюнча 15-Сентябрь «Билим күнүнө» карата 1-11-класстарга «Ата-Журт» деген темада класстык сааттар өтүлүп, 1-11-класстарга салтанаттуу линейка уюштурулду. Салтанаттуу линейкага Бишкек шаарынын биринчи вице-мэри Сазыкулов Максатбек Шекербекович келип, мектептин педагогикалык жамаатын жана окуучуларды "Билим майрамы" менен куттуктады. Линейка окуучулардын концерттик программасы менен коштолду.**





Мектеп администрациясына жана мугалидерге дежурство уюштурулду. Техникалык эрежелер өрт коопсуздугу жолдо жүрүү эрежеси боюнча ар бир класс жетекчилер тарабынан класстык сааттар өтүлүп, ар бир класстык кабинеттерге техникалык коопсуздук эрежелери илинди. «Жаңы окуу жылына карата мектептеги иш-чараларды уюштуруу» -деген темада 1-класстан 11-класска чейин ата-энелер чогулушу өтүлдү.



Ата-энелер чогулушунда жол эрежелери, балдардын өздүк гигиенасы боюнча маалымат берилди. «Жол эрежесин сактайлы» - деген темада бир айлык иш чара өткөрүлдү. 1-класстарга атайын жол кызматкерлери менен биргеликте окуу болуп өттү. Башталгыч класстардын окуучуларына «Жол эрежесин сактайлы деген» темада сүрөт сынагы уюштурулду. Ал эми 5-6-класстардын окуучуларына «Айдоочуга кат» деген темада дил баян сынагы өткөзүлдү.





**Мектеп парламентинин курамын шайлоо болуп өттү. Мектеп Президентин шайлоого 8-9-10-11-класстын окуучулары катышып, жыйынтыгында 11 «А» классынын окуучусу Аралбек у Акылмырза шайланды.**



**«Тартип бузуунун алдын алуу чаралары» боюнча комиссия мүчөлөрү бекитилди. Социалдык абал боюнча мектептин соц.педагогу Бапыгулова Света Абдырасаковна иш жүргүзүп районго отчёт берилди. Мамлекеттик тил күнү 23-сентябрда кыргыз тилчи мугалимдер 1-11-класстын окуучуларына салтанаттуу линейка өткөзүлүп, концерттик программа менен коштолду.Мектептин китепканасына «Эгемендүүлүккө 30 жыл» деген темада бурч уюштурулду.**






**Мектептин кире беришине стенд уюштурулду.Мектептин мед айымы жана 1-11-класстын класс жетекчилери ден-соолук журналы ачылып, окуучуларды медициналык кароодон өткөзүп турушту.1-Октябрь «Карылар күнү» бегиленди. «Карысы бардын-ырысы бар» деген темада 1-11-класстар класстык сааттарды өтүштү. 10-класстар карылыр күнүнө карата дубал газета чыгарышты. Мектеп уюштуруучусу Абаева Алтынай Абаевна тарабынан «Эл аралык карылыр» күнүнө карата слайд уюштуруп, мектептин сайтына коюлду.**





**Бишкек шаардык мэриясынын буйругу менен ар жуманын ишенби күндөрү мектеп жамааты менен биргеликте ишенбилик өткөзүлүп турду.**



**Мектептин ички көзөмөлү боюнча 5-класстардын ылайыкталышын мектептин психологу Бакашева С.Ж. текшерип, окуучуладан тест алынды. 5-Октябрь «Мугалимдер күнү» «Мугалим мөмөлүү дарак»-деген темада мектепте иш чара өтүлдү. 11-класстар даярдаган чакан концерт даярдалды. 7-8-9-10-класстар ар бири дубал газета чыгарышты. Мугалимдер жамаатын мектептин бүтүрүүчү класстары музыка менен тосуп алышты.**



**«Жашоонун сергек мүнөзү» боюнча жугуштуу оорулардан кантип сактанууну керек экендиги туурулуу мектептин мед айымы Султанова А.С. жыйындар залында лекция окуду.Октябрь ичинде Ата-энеси мигрант окуучулардын тизмеси мектептин соц.педагогу тактап, окуучулар ким менен тургандыгы тактaлд. Класс жетекчилер иштеген окуучуладын тизмесин такташып жыйынтыгында иштеген окуучулар жок деп берилди. 31-Октябрда жогорку класстарда «Күз берекеси» деген темада башталгыч класстардын окуучуларына көргөзмө сынагы уюштурулду.Көргөзмөнүн жыйынтынтыгында 1-2-3-орудар менен кабинет башчылары грамоталар менен сыйланышты. Ал эми 8-класстардын окуучуларына «Алтын күз» деген аталышта конкурс өткөзүлүп 1-2-3-орундарга ээ болушту жана ар бир катышуучуга мектеп администрациясы тарабынан «Ыраазычылык кат» берилди.**










**8-класстар арасында “Алтын күз” аттуу сынак өткөрүлдү. Сынакта командалар өз өнөрлөрүн тартуулашты.Калыстар тобунун баалосу менен 1-2-3-орундарга грамота жана ар бир катышуучу “Ыраазычылык кат” менен сыйланышты.**





**N96 орто мектебинин чет тил мугалимдери тарабынан 11-класстын окуучулары менен биргеликте “Helloween” темасында класстык саат өтүлдү. Класстык саатта ар кандай кызыктуу конкурстар уюштурулуп, окуучулар бул даталуу күн жөнүндө слайд аркылуу маалымат беришти.**






**05.11.2021-ж. 2021-2022-окуу жылынын 1-чейректин жыйынтыкталышы менен окуучуларга линейка өткөрүлдү. Линейкада райондук спорттук мелдештерге активдүү катышкан окуучулар грамота жана кубок, медалдар менен сыйланышты.**







**Ноябрь айынын планы боюнча, жашы жете элек балдардын, кылмыштуулук жана укук бузуунун алдын алуу жөнүндө мектептин ИДН кызматкери,соц.педагог жана ТИ иштери боюнча директордун орун басары окуучулар менен биргеликте тегрек стол өткөзүштү. Бишкек шаары Ленин районуна караштуу N96 орто мектебинде 2021-2022-окуу жылдын 16-ноябрында "Кырсыктардын тобокелин кыскартуу", окуучуларга турмуш,тиричилик коопсуздук эрежелерин сактануу боюнча окуу өткөрүлдү. Бул иш чарада тилсиз жоо катталган учурдагы ыкчам аракеттер практикалык негизде көрсөтүлдү.Иш чаранын максаты, табигый жана техногендик кырдаалдардан коргонуу, жүрүм турум эрежелерин калк арасында кеңири жайылтуу.**






ЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СИМВОЛИКА


REDMI NOTE 8
AI QUAD CAMERA

**Спорт ден-соолуктун булагы!**

**Бишкек шаары Ленин районуна караштуу N96 орто мектебинде 19-ноябрь күнү “Ден соолук” жумалыгына карата ата-энелер менен мугалимдер арасында волейбол спорттук мелдеши өткөрүлдү. Бул спорттук мелдеште ата-энелер активдүү катышышты. Жыйынтыгында командалар 1-2-3-орундарга ээ болушуп, мектеп директору Асанова Гуланда Жумакадыровна команданын ар бир катышуучусун грамота жана медаль менен сыйлап, ыраазычылык билдирди.**







**Бишкек шаары Ленин районуна караштуу N96 орто мектебинде 23-ноябрь күнү, Кыргызстандын экономикалык, социалдык жана маданий жактан калыптануусуна көрүнүктүү салым кошкон Касым Тыныстанов жана Жусуп Абдрахмановдун 120 жылдык маарекесин утурлай, тарых декадасынын алкагында 9-класстардын арасында “Тарых таймашы” болуп өттү. Мектеп окуучулары өз заманынын чыгаандары Касым Тыныстанов жана Жусуп Абдрахмановдун кыргыз элине, мамлекетине зор эмгек жасап, өлкөдө кызмат кылуунун мыкты үлгүсүн көрсөтүп кеткендиги тууралуу кенен маалымат алышты. Таймаштын жыйынтыгында:**
**1 орун 9 б класс “Туран “командасы**
**2 орун 9 а класс “Жаш муун” командасы**
**3 орун 9 г класс “Алтын Казык”командалары**
**Мектептин грамотасы менен сыйланышты.**








**3-декабрьб «Бүткүл дүйнөлүк майыптар күнүнө» карата мектептин уюштуруу иштери боюнча директордун орун басары Абаева А.А. мектеп парламенти менен биргеликте Бишкек шаарындагы «Үмүт- Надежда» реаблитациялык балдар үйүнө барып белектер жана окуу куралдары менен барып келишти.**





**1-декабрь бүткүл дүйнөлүк СПИДке каршы күрөшүү күнү.**
**Бишкек шаары Ленин районуна караштуу N96 орто мектебининде 1-декабрь бүткүл дүйнөлүк СПИДке каршы күрөшүү күнүнө карата 11-класстын окуучулары флешмоб даярдашты жана 8-9-10-11-класстарга класстык сааттар өткөрүлдү.**








**5-декабрь - Биз коррупцияга каршыбыз. Коррупцияга каршы күрөшүү күнүнө карата мектеп ичинде сенд уюштурулду жана 9-10-11-класстарга класстык сааттар өткөзүлдү.**

**9-декабрь күнү Президенттин жарлыгынын негизинде «Балдарга зордук зомбулукка каршы күрөшүү» деген аталышта мектептин соц педагогу Бапыгулова С.А. жана мектеп уюштуруучусу Абаева А.А. 6-7-класстын окуучуларына тегерек стол уюштурушту. Бул тегрек столдо окуучуларга ар кандай видео слайдтар көрсөтүлдү.**






**Бишкек шаары Ленин районуна караштуу N96 орто мектебинде 10-декабрь күнү жакшы саамалык болуп өттү. Себеби, көрүнүктүү мамлекеттик коомдук ишмер Жусуп Абдрахмановдун 120 жылдыгын белгилөө боюнча КРнын Президентинин жарлыгынын негизинде, мектептин тарых мугалимдери жана окуучулар менен биргеликте даярдалган "Өмүрү өрнөк инсан-Жусуп Абдрахманов" деген темада иш чара болуп өттү. Иш чарага арналган көргөзмө уюштурулду жана окуучулар иш чара учурунда мамлекеттин көрүнүктүү инсандары Ж.Абдрахманов, К.Тынычтанов, К. Карасаевдин сүрөттөрүн тартышты.Бул иш чарага Ленин райондук муниципиалдык администрация башчысы Тагаев Русланбек Таштанбекович келип, окуучулардын Ж.Абдрахманов жөнүндө сахналаштырылган көрүнүштөрүнө күбө болуп, мектептин жалпы жамаатына, ата-энелерге жана окуучуларга ыраазычылык билдирип кетти.**








ӨМҮРҮ

**1-чейректин жыйынтыгы боюнча ата-энелерге маалымат берүү  үчүн, класс боюнча ата-энелер чогулушу өткөзүлдү.Ата-энелер чогулушунун темасы «Азыркы учурдагы интернет жана тиктоктун балдарга тийгизген таасири». Класс жетекчилер бул тема боюнча ата-энелер менен кызыктуу тегерек столдор уюштурулду.**








**2021-2022-окуу жылынын биринчи жарым жылдыгында окуучулардын мектеп ичинде өткөзүлгөн предметтик олимпиадада орун окуучуларга жана спорттук жактан алдыңкы орун ээлеген жана мектеп ичинде өткөзүлгөн иш чараларга активдүү катышкан окуучуларга мектеп директору Асанова Г.Ж. жана окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Исмаилова Ж.М салтанатуу линейкада грамота жана ыраазычылык кат тапшырылды.**









**Бишкек шаары Ленин районуна караштуу N96 орто мектебинде Бишкек шаардык кеңешинин депутаты Абдраимов Жылдызбек Асанкулович Ак-Ордо конушунун жаш бөбөктөрүнө Жаңы- жылдык белектерин тапшырды. Бул иш чарада N96 орто мектебинин окуучулары концерттик программа тартуулашып,конокторго ыр,бий тартуулашты.**





**Жаңы жылга утурлай , Бишкек шаары Ленин районуна караштуу N96 орто мектебинде 27.12.2021-ж. мектептин жалпы жамааты жана окуучулары үчүн жакшы саамалык болду.**
**Себеби, Бишкек шаардык кеңешинин депутаттары Асанбеков Жаныбек Асанбекович жана Абдраимов Жылдызбек Асанкулович мектептин техникалык базасын чыңдоо максатында, жыйындар залына заманбап экран орнотууга чоң көмөк көрсөтүштү. Мектеп директору Асанова Гуланда Жумакадыровна, келген коноктorго ыраазычылык билдирүү менен грамота тапшырылды.**






ГРАМОТА


ГРАМОТА





**2021-2022-окуу жылынын 26-январында жыйындар залында кыздар кеңешмеси болуп өттү. Кыздардын жүрүм-туруму, кийинүүсү тууралуу түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.**





**8-9-10-11-класстардын кыздарына «Тамекинин жана алкаголдун зыяндуулугу» боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, андан тышкары лекция окулду**




**8-9-10-11-класстардын эркек балдарына Мектептин ИДН жана директор, тарбия завучтун катышуусунда балдар кеңешмеси өтөрүлдү. Кеңешмеде балдардын жүрүм-туруму, коопсуздугу, зыяндуу заттарды колдонуусу, мектеп ичинде ар кандай уруштарга барууга тыюу салынаарын түшүндүрүштү.**




**3-чейректин жыйынтыгы боюнча ата-энелер чогулушу онлайн форматта Google Meet аркылуу өткөрүлдү. Чогулушта ата-энелерге окуучулардын билим сапаты, тартиби, формасы жана окуучулардын мектепке уюлдук телефон алып келүүсүнө тыюу салынаары тууралуу маалымат берилди.**












**Мектеп ичиндеги № 31 буйругунун негизинде окуучулардын мектепке уюлдук телефон көтөрүп келүүсүнө тыюу салынып, окуучулардын телефон көтөрүүсү азайды. Алыс жактан келген жана окуудан сырткары ар кандай кошумча курс, ийримдерге катышкан же зарыл болгон иштери боюнча көтөрүп келген окуучулардын телефондору класс жетекчилер тарабынан атайын кутучаларга чогултулуп, шкафтарга бекитилип, сабактардын аягында таратылып берилип жатты. Максаты, окуучулардын сабакка болгон көңүл буруусун арттыруу, телефон оюндарынан алыстатуу жана ден соолугуна кам көрүү.**









**№96 орто мектебинде 7-класстардын эркек балдары арасында өз ыктыярлары менен түзүлгөн “Биз таза коом үчүн” деген дружина бар. Балдар аба ырайы жылуу учурда мектептин айланасындагы таштандыларды тазалашат.**









**1 “Г” классынын класс жетекчиси Сыдык кызы Шоола “Уурулук жаман адат” темасында тарбиялык саат өттү.**




**Тарбиялык саат мектеп директору Асанова Г.Ж, тарбия иштери боюнча директордун орун басары Абаева А.А., мектеп психологу Бакашева С.Д жана 1 “Г” классынын ата-энелери катышуусунда өттү. Сабакта окуучулар өз ойлору менен бөлүшүп, уурулук жаман сапат экенин түшүнүштү.**

**Сабактын максаты: Коомдогу уурулуктун көбөйүшүнө бөгөт коюу жана мектепте окуучулар арасында уурулук болбоосун алдын алуу.**





**4-февраль 8-9-10-11-класстар арасында балдар кеңешмеси болду. Кеңешмеге тарбия иштери боюнча директордун орун басары Абаева А.А., соц педагог Бапыгулова С.А., уиштуруу иштери боюнча директордун орун басары Мусабекова Г.А. жана класс жетекчилердин катышуусунда болуп өттү.**

**Кеңешмеде тарбия завуч А.Абаева жана мектептин уюштуруучусу Г.Мусабекова балдардын жүрүм-туруму боюнча маалымат беришти**







### 15-февраль Афган согушун эскерүү болду



**8-9-10-11-класстардын окуучулары менен биргеликте “Ooган согушу тарыхта өчпөс так” аттуу тегерек стол болуп өттү. Тегерек стол тарых мугалиминин катышуусунда болду. 11-Б классынын окуучусу Арадил уулу Акылмырза доклад окуду. Андан тышкары тарых мугалими Алиева Асыл  окуучуларга Ооган согушу тууралуу кенен маалымат берди.**









**5-6-7-класстарга “Кайгылуу тагдырлар, төгүлгөн көз жаш. Ооган согушу” темасында класстык сааттар өтүлдү**















**21-февраль Эл аралык эне тил күнүнө карата 9-класстар арасында “Улуттун башаты-эне тил” аттуу конкурс болуп өттү.**




**Конкурста Кыргыз, Орус, Түрк, Өзбек, Индия улутун чагылдырышты.**












**Ар бир улуттун каада - салтын, улуттук бийин, ырын жана тамак-ашын корсөтүштү.**








**Конкурстун жыйынтыгында 9 “Д” класс Түрк улутун көрсөтүп 1-орунду алды. Орунга ээ болгон командалар грамота менен сыйланышты.**






**Февраль айында мектептин тарбия иштери боюнча директордун орун басары Абаева А.А жана мектептин жаш өспүрүмдөр инспектору Абасканов А. мектептин айланасында жайгашкан дүкөндөргө жана тез татымдарга түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү.**







**23-февраль Ата Мекенди коргоо күнүнө карата окуучу балдардын жана ата-энелердин катышуусунуда концерттик кече болду.**





**Кечеге спорт жаатында ийгилик жараткан окуучуларыбыздын аталары чакырылып, ыраазычылык каттар тапшырылды.**



**Ошондой эле, мектеп ичиндеги күрөш жана таэквондо кружогунда машыккан окуучулардан мастер класс көрсөтүлдү**









**23-февраль Ата Мекенди коргоо күнүнө карата 4- класстын балдары арасында “Эр жигит” эстафеталык таймашы болуп өттү.**




**Таймашка жалпысынан 14 команда катышты. 4 команда финалга чыгып, мыкты оюн көрсөтүшүп грамоталар менен сыйланышты.**




**Эстафетанын жүрүшүндө аркан тартышуу да болду. Эстафеталык оюн окуучулар үчүн абдан кызыктуу болду.**




**“Эр жигит” эстафеталык таймашы 8-класстар арасында да болуп өттү.**





**Жалпысынан 5 команда катышып, 1-2-3-орун алган командалар грамота жана акчалай сыйлык менен сыйланышты.**





**9-10-11-класстар арасында волейбол оюну боюнча мелдеш болду**





**“Эр жигит” аттуу эстафета жана волейбол боюнча мелдеште орунга жеткен командаларды сыйлоо аземи**





**23-февраль Мекенди коргоо күнүнө карата Ички иштер министрлиги тарабынан уюштурулган мастер класс көрсөтүү жана футболдук мелдешке №96 орто мектебинин 9-10-11-класстын эркек балдары барып катышып, футбол оюну боюнча мелдеште 1-2-3-орундарды алып, белектер менен сыйланып кайтышты.**











**№96 орто мектебинде 25-февраль жолугушуу кечеси уюштурулду.**

**Кечеге 2019-2020 жана 2020-2021-окуу жылындагы бүтүрүүчүлөр келип кызыктуу маек куруп, окуучуларга кесип тандоого кеңештерин берип кетишти. Жолугушуу концерттик программа менен коштолду. Окуучулар өзөнөрлөрүн тартуулашты, ошондой эле бүтүрүүчүлөрдүн окуучулук күндөрүндөгү видео слайддар тартууланды.**







**№96 орто мектебинде 3-март Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Туусунун 30 жылдыгы белгиленди.**





**Мамлекеттик туунун 30 жылдыгы салтанаттуу линейка менен коштолду**.




**Линейкага мектеп директору Асанова Г.Ж, мугалимдер жана окуучулар катышып патриоттук ыр бий менен коштолду. Ошондой эле, тарых мугалими Алиева Асыл Мамлекеттик Туу боюнча доклад окуду.**





## 5-март Ак калпак күнү белгиленди.





## Ак калпакчан балдарыбыз мектеп сыртында жөө жүрүш уюштурушту









**8-март Эл аралык айымдар күнүнө карата “Мисс 2022” сынагы**





**Сынакка 10 кыз катышып, өздөрүнүн өнөрлөрүн тартуулашты.**





**Жеңүүчү деп 10 А классынын окуучусу Уланова Медина аталды. Бардык катышуучулар дипломдор менен сыйланышты.**





**Нооруз майрамынын урматына “Салам сага санжыралуу Ноорузумум” аталышындагы кыз-жигит сармерден кечеси.**



**Сармерден 8-класстардын таланттуу окуучулары арасында болду. Кеченин башталышы умай эненин аластоосу, батасы, токмо акын окуучуларыбыздын айтышы жана манас айтуу менен ачылды.**





**Кыз-жигит сармерден оюн-зоогу кыргыздын макал-лакаптары, жаңылтмач жана кыргыз жыттанган ыр, бийлер менен коштолду.**








**Апрель айында ГАИ кызматкерлери 1-11класстардын окуучуларына жолдо жүрүү эрежеси жана 18 жашка толо элек балдардын машина айдап чыгуусуна тыюу салынаары тууралуу лекция окуп, түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү.**









**III чейректин жыйынтыгы боюнча ата-энелер жыйыны болуп өттү. Жыйында ата-энелерге мектеп тууралуу маалымат берилди, ошондой эле жагымдуу маанай тартуулоо максатында мектептеги ийримдер тууралуу отчёттук концерт менен коштолду.**





**Жыйында мектептин соц педагогу Бапыгулова С.А окуучулардын соц абалы тууралуу маалымат берди. Ошондой эле мектептин психологу Бакашева С.Д ата-энелер үчүн психологиялык кеңеш берип өттү.**





## Ийримдер боюнча отчёттук концерт













**Апрель айында мектеп ичинде “Бир окуучудан бир көчөт” акциясы уюштурулду. Акцияга 1-класстан 11-класска чейинки окуучулар активдүү катышышты. Акциянын негизинде шаардык ишембиликте мектептин айланасына көчөт отургузуу күнүн белгилеп, Ленин райондук башкармалыгы келип акцияга катышып, окуучулар, мугалимдер жана ата-энелер менен биргеликте көчөт отургузушту.**

**Акциянын максаты: Мектептин айлана-тегерегин жашылдандыруу, көрктөндүрүү**












**Бишкек шаарында жарыяланган 6 айлык ишембиликтин негизинде ар бир ишемби сайын мугалимдер жана окуучулар менен биргеликте ишембилик өтүп жатты.**

















**Ак-Ордо жаңы конушунун жана мектептин жаш өспүрүмдөр инспекторлору Коконбаева Б.Э жана тарбия иштери боюнча директордун орун басары Абаева А.А., соц педагог Бапыгулова С.А. 8-11-класстардын окуучуларына жыйын өткөрүштү. Жыйында балдардын коопсуздугу, кечки саат 20:00 кийин көчөгө ата-энесинин көзөмөлүсүз жалгыз чыгуусуна ошондой эле ар кандай группалык мушташууларга баруусуна тыюу салынаары тууралуу түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү.**





**23-апрель “Бүткүл дүйнөлүк китеп күнү” №96 орто мектебинде бир айлык акция жарыялоо менен өттү. Акциянын аталышы “Бир адамдан бир китеп”. Окуучулар жана ата-энелер тарабынан үйдө окуп бүткөн адабият китептеринен мектеп китепканасына алып келип беришти. Акциянын аягында активдүү катышкан окуучуларга жана ата-энелерге ыраазычылык каттар тапшырылды. Ошондой эле 5-класстар арасында “Бир китептен бир чыгарма” аталышында сынак болду.**










**29-апрель Бишкек шаарынын туулган күнүн, 144 жылдыгын белгиледик. Мектеп окуучулары тарабынан шаар тургундарын куттуктап флешмоб уюштурулуп, видео слайд даярдалды. Ошондой эле, 1-11-класстарга “Бишкек-сүйүктүү шаарым” аталышында класстык саатар өтүлдү.**







**9-май Улуу Жеңиш күнү белгиленди. Бул күнү жалпы 2-класстар Каркыра көчөсүндө парадга басышты. Парад мектеп директору, мугалимдер жана ГАИ кызматкерлеринин коштоосунда өткөрүлдү.**










**Мектеп ичинде тарых мугалимдери 9-класстын окуучулары менен даярдалган Улуу жеңиштин урматына арналган концерттик программа тартууланды.**











**1-июнь “Балдарды коргоо күнүнө” карата “Балам бактым, сыймыгым” аталышында энелер үчүн концерттик программа уюштурулду. Кеченин жүрүшү 17-май энелер күнү жана балдарды коргоо күнүнө карата мектептеги активдүү окуучулардын апаларына арналды. Концерттин аягында мектеп үчүн ийгиликтерди алып келген окуучулардын жана мектеп менен тыгыз байланышта болгон апаларга ыраазычылык кат тапшырылды.**










**2021-2022-окуу жылынын бүтүрүүчүлөрүн Жогорку Кеңешке экскурсияга алып бардык. Экскурсияга окуучуларды жетектеп тарбия иштери боюнча директордун орун басары Абаева А.А жана 11 “А” классынын класс жетекчиси Джаныбек к Н жалпы 25 окуучуну алып барышты. Экскурсиянын жүрүшүндө Жогорку Кеңештин депутаты Жакышов Руслан Шергазиевич менен жолугушту. Жыйындар залында чогулуп, депутат менен жакындан таанышып, окуучулар кызыккан суроолорун узатып, жооп ала алышты.**












**2021-2022-окуу жылын эң жакшы баалар менен аяктаган окуучуларды сыйлоо аземи болуп өттү. Мектеп директору окуучуларга грамота тапшырып, ийгиликтерди каалап өттү.**









**09.06.2022-жыл “Акыркы коңгуроо” аземинин салтанаттуу линейкасы болду.
Кече мектеп бүтүрүүчүлөрү 1-класс, 9-класс, 11-класс жана мугалимдер, ата-энелер ошондой эле Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин экспертизалоо бөлүмүнүн башчысы Бакиров Жетиген Жокинович ошондой эле Ленин райондук башкармалыгынын өкүлдөрүнүн катышуусунда болуп өттү. Салтанаттуу линейка КР гимни менен башталып мектеп директору Асанова Гуланда Жумакадыровна ачып берди, ошондой эле Бакиров Жетиген Жокинович сөз сүйлөп бүтүрүүчүлөргө каалоо тилегин арнады. Андан тышкары мугалимдер, ата-энелер да куттуктоо сөздөрүн сүйлөштү. Кече бүтүрүүчүлөрдү сыйлоо аземи жана бүтүрүүчүлөрдүн акыркы мектеп вальс бийи, ырлары менен коштолду.**





